БЕКИТЕМ
ОшТУнун ректору, профессор
_______________Ж.Ж.Турсунбаев
2024-жылдын «16-сентябрь»

**Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тил макамынын кабыл алынгандыгынын 35 жыл жылдыгына карата академик М.М.Адышев атындагы Ош технологиялык университетинде үч айлыктын алкагында өткөрүлүүчү иш-чаралардын**

**ЖОБОСУ**

1. **Жалпы жоболор**

"Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын кабыл алынгандыгынын 35 жылдыгына, Кара-Кыргыз автономиялуу облусунун түзүлгөндүгүнүн 100 жылдыгына карата мамлекеттик тилдин үч айлыгынын алкагында университеттин институттарында колледждеринде иш-чаралар уюштурулат жана өткөрүлөт.

**2. Үч айлыкты өткөрүүнүн максаты**

- "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Конституциялык Мыйзамын жайылтуу;
- мамлекеттик тилге байланыштуу улуттук деңгээлдеги иш-чараларды өз убагында даярдоо жана ийгиликтүү өткөрүү;
- мамлекеттик тилди студенттер арасында туура колдонуу чөйрөсүн кеңейтүү;
- мамлекеттик тилди конституциялык макамын чыңдоо жана анын социалдык-коомдук маанисин жогорулатуу;
- студенттер арасында улуттук каада-салттарды, үрп-адаттарды даңазалоо;
- адабий тилдин нормасында туура сүйлөөгө, орфографиялык эрежелердин негизинде туура жазууга багыт берүү;
- предметтерди окутууда кыргыз тилин интеграциялап окутулган сабактарды уюштуруу;
- кыргызча окуу усулдук эмгектерди көйбөйтүү;
- кыргыз тилинин колдонуу муктаждыгын арттыруу, иш кагаздарын туура жазууга багытталган "Сабаттуу бол" акциясын уюштуруу менен жалпы студенттерди жана окутуучу-профессордук курамдын сабаттуулугун арттыруу;
- мамлекеттик тилди өнүктүрүү жаатында аткарылып жаткан иштерди жыйынтыгын чыгаруу.

**3. Үч айлыкты өткөрүүнүн шарттары**

Окуу жайда жобого ылайык багыт боюнча иш-чаралар өткөрүлөт:

1. Достук сармердени;

- кыргыз тилинин колдонуу муктаждыгын арттыруу, иш кагаздарын туура жазууга багытталган “Сабаттуу бол” акциясын уюштуруу менен жалпы студенттерди жана окутуучу-профессордук курамдын сабаттуулугун арттыруу;
- мамлекеттик тилди өнүктүрүү жаатында аткарылып жаткан иштерди жыйынтыгын чыгаруу.

## 3. Үч айлыкты өткөрүүнүн шарттары

Окуу жайда жобого ылайык багыт боюнча иш-чаралар өткөрүлөт:

1. Достук сармердени;
2. Окутуучулар ортосунда интеллектуалдык сынак таймашы;
3. Мамлекеттик тилде жарык көргөн окуу-усулдук эмгектердин сынагы (2022-2024);
4. Көркөм окуу сынагы;
5. Улуттук каада-салттарды даңазалоо сынагы;
6. Элдик ырларды сахналаштырып аткаруу сынагы;
7. Окуу имараттарындагы эң көрнөк-жарнак сынагы.

МАМЛЕКЕТТИК ТИЛДИН ҮЧ АЙЛЫГЫ 2024-ЖЫЛДЫН 18-СЕНТЯБРЫНАН 18-ДЕКАБРЫНА ЧЕЙИН ӨТКӨРҮЛӨТ.

## 4. Үч айлыкты жыйынтыктоо

Жобого ылайык өткөрүлгөн ар бир иш-чаранын катышуучуларынын эң мыктылары мамлекеттик тил боюнча проректор тарабынан тандалып, атайын орундар менен белгиленип, университеттин ректору, профессор Ж.Ж.Турсунбаевге сунушталат жана окуу жай тарабынан сыйланат.

Уюштуруучулар: ОшТУнун мамлекеттик тил проректору жана мамлекеттик тил кафедрасы